«БЕКИТЕМИН»
А. Мырсабеков атындагы ОшМПУнун
ректору, п.и.д., профессор Зулуев Б.Б.

4-декабрь 2024-жыл.

Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кадамжай районунун тарыхы”деген аталыштагы диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин “Тарых” кафедрасынын

## КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө аймак таануу багытындагы илимий иштин маанилүүлүгү түздөн-түз Кыргыз Республикасынын өнүгүү тарыхы менен байланышта. Өз мезгилинде дүйнөлүк эталонго айланган Кадамжай сурьма сымабы Кыргызстандын эле эмес Советтер Союзунун коргонуу жөндөмдүүлүгүнүн, экономикасынын өнүгүүсүндөгү зарыл өндүрүш болгон. Кеңеш доорундагы өнөр жайы өнүккөн район катары учурдагы изилдөө актуалдуу экендигинде талаш жок. Эгемендүүлүктүн доорунда базар экономикасынын, жеке менчик мамилелеринин өнүгүшү менен район социалдык экономикалык өзгүрүүлөргө дуушар болуп, динамикалдуу түрдө өнүгүп жаткан мезгили. Изилдөөнүн акуталдуулугу төмөнкү бир катар себептер менен түшүндүрүлөт:

**Биринчиден,** Кеңеш жана эгемендүүлүк доорундагы райондун социалдык экономикалык абалын чагылдырган изилдөөлөргө, тарыхый булактарга жаңы тарыхый таризде талдоо жүргүзүү талабынын жаралгандыгы.

**Экинчиден**, Диссертациялык ишти жазууда тарых илиминин тарыхыйлуулук (историзм), объективдүүлүк принциптерин сактоо менен бирге системалуулук, сурамжылоо, тарыхый-баяндоо, статистикалык талдоо, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-хронологиялык, себеп-натыйжаларын талдоо, байкоо жүргүзүү, оозеки тарых ыкмалары колдонулган. Тарыхый изилдөөлөрдөгү тарыхыйлуулук (историзм) негизги методологиялык принцип болуп эсептелет. Изилдөө ишиндеги тарыхыйлуулук принциби

КЫРГНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 04-8/68
«9» 12 2024 ж.г.

изилдөөгө алган объектиси менен предметин, хронологиялык алкагын, мезгилин тактоого өбөлгө түзөт. Тарыхыйлуулук принцибинин сакталышынын негизинде изилдөөгө алынган тиешелүү доордун конкреттүү тарыхый кырдаалын эске алуу менен изилдөөнүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн этаптарынын мүнөзүн аныктоого болот. Кадамжай районунун калыптануу мезгили, анын стратегиялык мааниге ээ экономикалык аймакка айланышына себеп болгон сурма, сымап кендерин иштетүү боюнча комбинаттардын ишке берилиши аймактын өнүгүү тарыхы СССРдин курамындагы Кыргызстандын өнөр-жайынын өнүгүүсүндөгү негизги багыттары менен байланышта болгон.

**Үчүнчүдөн**, Аймактын тарыхый-экономикалык өнүгүүсүн изилдөөдө, тарыхый-салыштырма изилдөө методунун негизинде, Кыргызстандын түштүк аймагындагы башка райондор менен салыштыруу, анализи райондун өнүгүү динамикасын комплекстүү кароого мүмкүндүк берди. Кадамжай районунун тарыхына байланышкан тарыхый фактылар, логикалык ыкмалардын негизинде системалаштырылып жыйынтыктарды чыгарууга өбөлгө түздү. Изилдөө ишинин алкагындагы, аймактагы болуп өткөн окуялар жалпы тарыхый окуялардын ичиндеги системанын бөлүгү катары каралды, мында тарыхый-системдүүлүк методу колдонулган.

**Төртүнчүдөн,** райондун өнүгүү маселеси чарбалык өзгөрүүлөрдүн, акча-товар, соода мамилелеринин ж.б. тармактагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнүн натыйжасын өнөр жай тармактарынын жаңы тармактарынын жаралышына шарт түзгөндүгүн изилдөө маселенин актуалдуулугун шарттаган факторлор болуп саналат. Демек, Статистика изилдөө объектисине тиешелүү бардык олуттуу факторлорду камтыган каттоо боюнча статистикалык материалдар системалаштырылып, тарыхый изилдөө методдорунун негизинде илимий айлампага киргизилип, жыйынтыктар чыгарылды. Көрсөткүчтөрдү жалпылоо методу статистиканын жардамы менен экономиканын, анын ичинде өнөр жайынын өнүгүшүн же төмөндөшүн, калктын социалдык абалын мүнөздөөгө мүмкүндүк бердик. Жөнөкөй дыйкан, жумушчулардын санынын көрсөткүчүнө тийгизген өнүгүүнүн оң жана терс тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баа берүү изилдөөнүн актуалдуу экендигин айгинелейт.

2. **Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.**

Каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы илимий практикалык жыйынтыктарды чыгарган:

**1-жыйынтык.**Талапкер Кадамжай районунун тарыхын өз алдынча анализдеп, илимий эмгектерди жана маалыматтарды, архивдик документтерди изилдөө аркылуу теманын актуалдуулугун, илимий жаңычылдыгын, практикалык маанисин көргөзө алган. Изилдөөнүн хронологиялык алкагы, талапкердин жеке автордук салымы белгиленген (Киришүү).

**2-жыйынтык.** Изденүүчү илимий маселенин тарыхнаамасын 3кө бөлүп караган: биринчи-тарыхчы окумуштуулардын эмгектери, экинчи– окмуштуу, адис геологтордун эмгектери, үчүнчү-мамлекеттик ишмерлердин жана башка кесиптегилердин эмгектери деп бөлүп районго арналган эмгектер чагылдырылып, аларга кыскача мүнөздөмө берген. Райондун социалдык-экономикалык түзүлүшүн иликтөө тарыхнаамасы булактардын негизинде объективдүү баа берүү менен талдоого алынган (I бап).

**3-жыйынтык.** Диссертациялык иште изилдөөнүн объектиси, предмети менен бирге булактык базасын талдоого алып, изилдөөнүн илимий чөйрөсүнө кирген тарыхый булактар маалыматты сактоо, изилдөө ыкмаларын колдонуу жана маалымат мүмкүнчүлүктөрү жана каныктыруу өзгөчөлүктөрү боюнча беш топко бөлгөн. Кадамжай районунун тарыхын изилдөө үчүн жетиштүү методологиялык жана булактык базаны илимий айлампага киргизүүдө изденүүчү тарабынан изилдөө ыкмалары туура колдонулган (II бап).

**4-жыйынтык. Кадамжай району Кеңеш мезгилинде (1938-1991-жж)**

Кадамжай районунун түзүлүшү жана админстративдик-территориялык бөлүнүшү райондоштуруу саясатынын натыйжасында өнөр жай, айыл чарба тармагында өзгөрүүлөр орун ала баштаган. Экономикалык район-бул аймактардын өндүрүштүк комплексине негизделген, тармактардын белгилүү бир айкалышы, алардын ортосундагы ар түрдүү байланыштар, жалпы экономикалык-географиялык абалы жана тарыхый өткөнү менен мүнөздөлгөн, өлкөнүн улуттук адистешүүсүн камсыз кылган өлкөнүн экономикалык жактан ажырагыс бөлүгүн билдирет деп туура талдаган. (III баптын 3.1. 3.2. жана 3.3. бөлүмү).

**5-жыйынтык.** Эгемендүүлүк мезгилдеги райондун айыл чарбасынын абалы өнүгүүсү административдик башкаруу саясаты менен тыгыз байланыштуу. Кыргызстандын айыл чарбасын менчиктештирүүнүн негизги максаты аны айыл чарба экономикасын тез өнүктүрүү үчүн айыл чарба секторун кайра куруунун ийкемдүү рычагы, ишенимдүү куралы жана заманбап механизми

катары колдонуу болгон. Өтө кыска мөөнөттө жүргүзүлгөн айыл чарбасын менчиктештирүүнү үч негизги этапка бөлгөн. (IV баптын 4.1. бөлүмү).

**6-жыйынтык.** Кыргызстан көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинде сурма өндүрүү боюнча монополист болуп эсептелет. 1990-жылы Кыргызстан 5400т сурма чыгарып, дүйнөдө 3-орунду (Кытай менен Боливиядан кийинки ээлеген. 1995-жылы 4778 т (1993-жылы 6637 т) сурма алынган, 6283,4 т (11448,3 т) сурма экспортко чыгарылган. 1995-жылы комбинаттын 170 млн сом балансылык кирешеси болсо, 1999-жылдын 3-кварталында чыгым 25 млн сомду түзгөн. Мындай оор абалга жетүүнүн негизги себеби сурманын дүйнөлүк баасынын ошол жылдардагы төмөндөп кетиши болгон деп туура белгилеген. (IV баптын 4.2. бөлүмү).

**3. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү алынган илимий жаңылыктарынын негизинде тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо үчүн төмөндөгүдөй илимий жоболорду сунуш кылган:

**1-жыйынтык:** Кадамжай району 1938-жылы өлкөнүн административдик-территориялык түзүлүшүн оптималдаштыруу, социалистик чарбаны башкарууну жакшыртуу максатында Молотов районунан бөлүнүп чыккан. Райондун территориясы 1959-жыл Үч-Коргон району жоюлуп кеткенден кийин кеңейип бүгүнкү чек ара аймагында турат. Кеңеш мезгилинде райондун калкынын экономикасынын өскөндүгү жана оптималдаштыруу максатында райондо бир нече колхоз, совхоздор, асыл тукум чарбасы, Селхозхимия, курулуш башкармалыктары түзүлүп жүрүп олтурган. Эгемендүүлүк мезгилинде районго Өзбекстандан 241га жер кошулду.

**2-жыйынтык**: Кадамжай району республикада эң алды өнөр-жайы өнүккөн район катары белгилүү ошол эле мезгилде район айыл чарбасы боюнча да Союз мезгилинде бүгүнкү күнү да өлкөдөгү алдынкы райондордун бири. Райондо дан эгиндерин өстүрүү, картошка, мөмө-жемиш, техникалык өсүмдүктөрдөн пахта, тамеки өндүрүп өлкөнүн азык-түлүккө болгон муктаждыгын камсыз кылып келет. Райондун жаратылыш шарты таштак болгондуктан тыбыт жүндүү эчки өндүрүү жана күрүч өстүрүү боюнча келечектүү.

**3-жыйынтык:** Райондун айдоо аянттарын кеңейтүү, сугат суу менен камсыз кылуу жаатында жүргүзүп жаткан иштери ар тараптан колдоого алынуусу керек.

**4-жыйынтык**: Райондун аймагындагы Бел-Алма көмүр кенинин, Көк-Талаадагы нефтини кайра иштетүү заводунун курулушу райондун экономикасын көтөрүп кошумча жумушчу орундарын түзөт.

**5-жыйынтык**: Райондогу социалдык секторда динамикалуу өнүгүп олтургандыгын көрсөттү. Райондо окуучулардын саны көбөйүп мектептер салынып, анда иштеген мугалимдердин сапаттык курамы жакшырып, мектептердин материалдык-техникалык базасы өнүгүүдө.

**6-жыйынтык:** Райондогу калктын саламатыгын сактоо жаатында да алгылыктуу иштер жасалган. Ооруканалардын саны гана өспөстөн анда иштеген врачтардын саны да үзгүлтүксүз жогоруласа, эгемендүүлүк мезгилинде жеке клиникалар заман агымына жараша пайда болууда.

**7-жыйынтык:** Райондогу маданияттын өнүгүшү тилекке каршы Союз мезгилиндегиде эмес бир топ кейиштүү абалда калган. Кадамжай эли, ишкердик чакан жана орто бизнести өнүктүрүү, жаратмандыгы аркылуу районду андан ары өнүктүрөт, элдин жашоо тиричилигин жакшырат.

Изденүүчү алынган илимий жаңылыктарынын негизинде тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо үчүн төмөндөгүдөй илимий жоболорду сунуш кылган:

**4. Диссертациянын илимий жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү**

Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин диссертациясынын илимий жыйынтыктары, корутундусу жана практикалык сунуштары диссертациялык иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго жооп берет. Диссертация Кеңеш жана эгемендүүлүк доордогу кыргызстандын тарыхын аныктоодо райондордун орду, ага илимий баа берүүдө учурдагы коомдун өнүгүшүнүн багытына жараша экономикалык аймактарга карата болгон жаңы критерийлерди кодлонууга мүмкүндүк берет.

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда жарыяланган 8 илимий макалада чагылдырылган.

**6. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**
Авторефераттын мазмуну жана түзүмү диссертацияга толук дал келет. Кыргыз Республикасынын илимий даража берүү жобосунун кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**
Жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар төмөнкүдөй кемчиликтери аныкталды:

1. Изилдөөнүн корутундусунун диссертациялык иштин баптарынын жыйынтыктары менен дал келишин карап чыгуу сунушталат.
2. Диссертацияда айрым редакциялык – стилистикалык жана техникалык кемчилдиктер, мүчүлүштүктөр кездешет, аларды жоюуп, УАК талаптарына ылайык келтирүү керек.

**8. Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө Жобосундагы талаптарга диссертациянын жооп бериши**
Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин 07.00.02- Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн берилген «Кадамжай районунун тарыхы»деген аталышындагы диссертациялык иши өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналат. А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Тарых» кафедрасы Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин 07.00.02- Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн берилген «Кадамжай районунун тарыхы» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли, жабдылышы Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун 11 пункутунда белгиленген “билимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселелердин чечилиши» квалификациялык белгисине туура келет деп белгилейт. Диссертациялык иштин мазмуну илимий жоболорду, изилдөөнүн жыйынтыктары жана анын жасалгалоосу Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгу Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана изденүүчү Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Тарых» кафедрасынын 2024-жылдын 4-декабрында өткөн атайын отурумунда талкууланып, кабыл алынды (протокол №3)

**Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:**

1. Шарипова Р.З. – ф.и.к. доцент; төрайым
2. Нурунбетов Б.А. – т.и.д. (07.00.02) профессор Осмонов С.Ж. – т.и.к., (07.00.02) төрага;
3. Зулуев Б.Б. –п.и.д. (13.00.01) профессор
4. Зулпуева Р. – т.и.к., (07.00.02) доцент;
5. Сагынбай кызы Нурила – т.и.к., (07.00.02) доцент;
6. Жолдошева А.А. – ага окутуучу, магистр;
7. Кармышаков – ага окутуучу, магистр;
8. Колбаева З.И. – окутуучу,магистр;
9. Казакбаев К.К. – окутуучу, магистр;
10. Ажыматова У.С. – окутуучу, магистр;
11. Тимур кызы Элнура - катчы

**А. Мырсабеков атындагы Ош**
**мамлекеттик педагогикалык**
**университетинин Тарых кафедрасынын башчысы**
**доцент, ф.и.к.** **Шарипова.Р.З.**

**Катчы:** **Тимур кызы Элнура**

ф.и.к. Р.З. Шарипованын жана Тимур к. Э. кол тамгаларын тастыктайм.
Кб. нач.: Карапашева А.Б